БЕКИТЕМИН
К.Ш.Токтомаматов атындагы
Эл аралык университетинин
1-проректору, э.и.к., профессор
Канторова А.К.

_______________________
“17” 05 2021-жыл

**Илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын**

**ИШКЕ КИРГИЗҮҮНҮН АКТЫ**

**1. Ишке киргизүүнүн автору (соавторлору):** Сайпидинов Бакытбек Рысбаевич

**2. Илимий-изилдоочүлүк, илимий-техникалык иштердин, илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн аталышы:**12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыздардын адат укугунун булактарынын калыптануусу” деген темадагы диссертациялык иш.

**3. Кыскача аннотация:** Диссертациялык иште кыргыз журтчулугунун өнүгүү тарыхында кыргыздардын адат укугунун булактары илимий негизде изилдөөнүн объекти катары каралды жана жарыяланган жана жарыяланбаган булактардын негизинде атайын комплекстүү изилдөөлөр жасалды. Диссертациялык изилдөөдө адат уктары менен байланышкан укуктук ченемдерди жалпылоочу талдоо жүргүзүлдү. Алгачкы жолу адат укугунун укуктук эволюциялык тутумунун бүгүнкү күндөгү сот жана жазаны аткаруу механизмдеринде колдонуунун, б.а. үрп-адаттарды, мүлктүк жана үй-бүлөлүк мамилелерди жөнго салуунун куралы катары изилденди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз элинин адат укугунун булактары боюнча төмөнкүдөй илимий негизделген жоболор даярдалды:

- Изилдөөдө колдонулган түшүнүктүк аппараттарга кеңири талдоо жүргүзүлдү жана "адат укугу" менен байланышкан түшүнүктөргө автордук дефинициялар түзүлдү;
- Учурдагы юридикалык илимдеги адат укугу жөнүндөгү укуктук жана илимий көз караштардын генезисинин жана эволюциясынын негизги этаптары мүнөздөлдү;
- Адат укугунун заманбап юриспруденция категорияларынын тутумундагы орду аныкталды жана анын маңызы кеңири мүнөздөөгө ээ болду;
- Азыркы замандын шартында негизги укуктук булактардын иерархиясына салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү жана укуктук каада-салттардын бул тутумда ээлеген орду аныкталды;
- Заманбап жарандык мыйзамдарда адаттык укуктун нормаларын легалдаштыруу механизми каралды;
- Адат укугунун учурдагы соттук тажрыйбалар үчүн мааниси аныкталды;
- Адат укуктарын калыптандыруу жана иштөө чөйрөсүндөгү эң курч көйгөйлөр белгиленди жана заманбап шарттарда аларды оптималдаштыруунун келечектүү жолдору иштелип чыкты.

**4. Ишке киргизүүдөн жаралган эффект:**Автор кыргыздардын адат укугунун түпкү тегин терең изилдөөнүн негизинде анын генезисинин жана эволюциясынын негизги этаптарын мүнөздөп, жалпылады; Диссертациялык иштин материалдарын ишке ашыруу бул укуктарды азыркы замандын шартындагы мыйзамдуулукта легалдаштыруу, укуктук жараяндарда жана соттук тажрыйбаларда колдонуу механизмин түптөөгө мүмкүнчүлүк жаратып, аталган механизм сот органдарынын күнүмдүк ишмердүүгүндө практикалык түрдо колдонууга сунушталды. Мындан сырткары диссертациянын материалдары Эл аралык университеттеги окуу жараяндарында атайын “Укук таануу”, “Укук жана социалдык коргоо” жана “Юриспруденция” адистиктери боюнча орто кесиптик билим берүүдө жана жогорку кесиптик билим берүүдө “Адат укугу” “Жарандык укук”, “Жарандык процессуалдык укук”, “Үй бүлөлүк укук” ж.б. сабактарында

кеңири колдонууга ээ болду. Анын натыйжасында студенттердин өз алдынча иштерди, практикалык тапшырмаларды аткаруу боюнча көрсөткүчтөрү жакшырды.

**5. Ишке киргизүү орду жана убактысы:** К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, Жалал-Абад шаары, Спутник кичи шаарчасы, Жени-Жок көчөсү – 30.

**6. Ишке киргизүү формасы:** Диссертациянын материалдары 2020-2021-окуу жылынан бери төмөнкү документтерде, иштелмелерде колдонууга ээ болду:

- аталган университеттин үзгүлтүксүз билим берүү институтунда "Юриспруденция" багыты боюнча "Жарандык укук", "Жарандык-процессуалдык укук", "Үй бүлөлүк укук" сабактарын окутууда, университеттин гуманитардык экономикалык колледжинде "Укук таануу", "Укук жана социалдык камсыздоо" адистиктерин даярдоодо "Адат укугу" "Жарандык укук", "Жарандык жараян" сабактарын окутууда колдонулду;

- "Адат укугу" "Жарандык укук" "Жарандык жараян", "Үй бүлөөлүк укук" сабактарынын окуу-усулдук комплекстерин жана жумушчу программаларын иштеп чыгууда колдонулду.

К.Ш.Токтомаматов атындагы
ЭАУнин үзгүлтүксүз ачык билим берүү
институтунун директору, т.и.к., проф.: Дүйшеев Ж.А.

К.Ш.Токтомаматов атындагы
ЭАУнин жарандык укук кафедрасынын
башчысы, ю.и.к., и.о. доцент: Мажитов Б.Ө.

К.Ш.Токтомаматов атындагы
ЭАУнин Мамлекет жана укуктун теориясы кафедрасынын
башчысы, Phd., и.о. доцент: Улан уулу А.